Сыйлык акциясынын шарттары **«Бонус менен кредит: 10 000 сомго чейин BEKO сертификаты»**

## 1. ЖАЛПЫ ШАРТТАР

1.1. **«Бонус менен кредит: 10 000 сомго чейин BEKO сертификаты»** акциясы (мындан ары текст боюнча – «Акция») «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» Жабык акционердик коому (мындан ары текст боюнча – «Банк») тарабынан өткөрүлөт. Ушул Акцияны өткөрүү эрежелери (мындан ары текст боюнча – «Эрежелер») Акцияны өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин аныктайт, анын ичинде катышуу шарттарын, белектердин түрлөрүн, мөөнөттөрүн, белек алуучуларды аныктоо тартибин жана аларга белектерди тапшыруу тартибин, ошондой эле Акциянын башка маанилүү шарттарын камтыйт.

1.2. Ушул Эрежелерде колдонулган терминдер жана аныктамалар:

**«Мобилдик банкинг»** – Банктын кардарларына мобилдик тиркеменин жардамы менен жеке уюлдук телефон аркылуу финансылык операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген аралыктан банктык тейлөө платформасы.

**Акциянын катышуучусу** – Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган, 18 жаштан 62 жашка чейинки аракетке жөндөмдүү жеке адам, Банктан Онлайн-кредит алган, ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга жооп берген жана ушул Эрежелердин талаптарын толук аткарган адам.

**Онлайн-кредит** – Кардар тарабынан «Мобилдик банкинг» аркылуу өз алдынча жол-жоболоштурулган кредит.

**Кардар** – Банктан банктык эсеп ачкан же ачууга ниеттенген жеке адам (өзү же өкүлү аркылуу).

**Белек** – Beko компаниясынын расмий дүкөндөрүнөн техника сатып алууга арналган 5 000 сом жана 10 000 сом номиналындагы сертификаттар.

1.3. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык коомдук сунуш болуп эсептелет. Кардар Акциянын мөөнөтүндө Онлайн-кредит алса, бул анын ушул Эрежелерге толук жана шартсыз макул болгонун билдирет. Онлайн-кредит алуу фактысы Кардар ушул Эрежелердин учурда колдонулуп жаткан нускасы менен таанышканын жана аны кабыл алганын билдирет.

1.4. Эрежелердин учурда колдонулуп жаткан нускасы https://www.demirbank.kg/news сайтында жайгаштырылган. Кардар Акцияга катышуу үчүн кандайдыр бир аракет жасоодон мурда бул Эрежелер менен милдеттүү түрдө таанышып чыгышы керек.

1.5. Банк ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Бул өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин 1 (бир) календардык күн мурда Эрежелердин жаңыланган нускасы 1.4-пунктта көрсөтүлгөн сайтта жарыяланат. Акциянын катышуучулары мындай өзгөртүүлөрдү https://www.demirbank.kg/news сайтынан өз алдынча текшерип турууга милдеттүү. Эгер өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Кардар Онлайн-кредит алса, бул анын жаңы өзгөртүүлөрдү кабыл алганын жана Эрежелердин жаңыланган нускасы менен таанышканын билдирет.

1.6. Кардар Эрежелердин учурда колдонулуп жаткан нускасы менен таанышуу үчүн аларды мезгил-мезгили менен карап турууга милдеттүү. Эрежелер менен таанышпагандыктан келип чыккан кесепеттер үчүн Кардар өзү жооп берет. Кардар ушул Эрежелердин шарттары менен алдын ала таанышканын, алар ага түшүнүктүү экенин жана аларга толук макул экенин, ошондой эле Эрежелердин бардык шарттарын эч кандай чектөөсүз жана шартсыз кабыл алганын тастыктайт.

## 2. АКЦИЯНЫН ӨТКӨРҮЛҮҮ МӨӨНӨТҮ

2.1. Акциянын өткөрүлүү мөөнөтү: 2026-жылдын 9-мартынан 9-апрелине чейин (кошкондо). Бул мөөнөткө Белек алуучуларды аныктоо жана Белектерди тапшыруу убактысы кирбейт (мындан ары текст боюнча – «Акциянын мөөнөтү»). Акция 24 этапка бөлүнөт. Ар бир этап ар бир банктык күндө өткөрүлөт жана ошол банктык күндүн Белек алуучусу ушул Эрежелердин 5-бөлүмүнө ылайык аныкталат.

2.2. Белектерди тапшыруу күнү Банк тарабынан аныкталат жана Банктын расмий https://www.demirbank.kg/news сайтында жарыяланат.

## 3. АКЦИЯГА КАТЫШУУНУН ТАЛАПТАРЫ ЖАНА ШАРТТАРЫ

3.1. Акциянын катышуучуларына коюлган талаптар жана катышуу шарттары

3.1.1. Акциянын катышуучусу боло алат:

– 18 жашка толгон жана 62 жаштан ашпаган, аракетке жөндөмдүү, Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган жана Банктын кардары болгон жеке адам;

– Банктан 20 000 (жыйырма миң) сомдон кем эмес суммада Онлайн-кредит ийгиликтүү алган Кардар;

– Онлайн-кредиттин минималдуу мөөнөтү 6 (алты) айдан кем болбоого тийиш;

– Мурда ушул Акция боюнча Белек алуучу деп аныкталбаган Кардар (бир Кардар Акциянын бүткүл мөөнөтү ичинде Белекти бир гана жолу ала алат).

3.1.2. Банктын кызматкерлери, алардын жубайлары жана жакын туугандары, ошондой эле Банк менен байланышкан уюмдардын кызматкерлери Акцияга катыша алышпайт жана Белек алуучу болуп таанылбайт.

3.1.3. Акция төмөнкү кредиттерге колдонулбайт:

– мөөнөтү узартылган кредиттерге;

– шарттары өзгөртүлгөн кредиттерге;

– билим берүү үчүн берилген Онлайн-кредиттерге;

– – кардар банкка келбестен алынган кредиттерге.

3.1.4. Банк ар бир банктык күнү Онлайн-кредит алган жана ушул Эрежелердин 6.1-пунктунда көрсөтүлгөн макулдукту берген Акциянын катышуучуларына Белек алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

3.1.5. Эгер Кардар Онлайн-кредитти алган күндөн тартып 6 айдын ичинде кредитти мөөнөтүнөн мурда толук төлөп жапса, Банк Белектин баасын сотко кайрылбастан өндүрүп алууга укуктуу.

## 4. БЕЛЕК ФОНДУ

4.1. Акциянын жалпы белек фонду 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сом суммасындагы сертификаттардан түзүлөт. Эгер белек фонду мөөнөтүнөн мурда толугу менен колдонулуп бүтсө, Акция аяктаган болуп эсептелет. Бул тууралуу катышуучуларга Банктын расмий маалымат каналдары аркылуу кабар берилет.

4.2. Акциянын бүткүл мөөнөтү ичинде, эгер Акция өткөрүлгөн күндөрдүн кайсы биринде катышуучулар алган Онлайн-кредиттердин саны 20дан аз болсо, ошол күн үчүн Банк Белек бербейт. Белек фондунда калган Белектер кайра бөлүштүрүлбөйт жана кайрадан берилбейт. Ушул Эрежелердин 5.2-пунктуна ылайык ар бир 20-кардар бир Белек алат.

4.3. Белектин акчалай баасы төмөнкүчө:

– 5 000 сомдук сертификат – 5 000 сом;

– 10 000 сомдук сертификат – 10 000 сом.

4.4. Ушул Акциянын алкагында берилген Белектер акчага же башка товарларга/кызматтарга алмаштырылбайт. Белек Акциянын шарттарында көрсөтүлгөн түрүндө жана ошол калыбында берилет.

## 5. АКЦИЯ БОЮНЧА БЕЛЕК АЛУУЧУЛАРДЫ АНЫКТОО ЖАНА АЛАРГА МААЛЫМДОО ТАРТИБИ

5.1. Белек алуучуларды аныктоо тартиби. Банк Акциянын мөөнөтү ичинде ар бир банктык күндө Акциянын шарттарына ылайык алынган бардык Онлайн-кредиттер боюнча Кардарлардын тизмесин жүргүзөт. Ар бир банктык күндө алынган Онлайн-кредиттер убакыт боюнча кезектешкен тартипте жалпы тизмеге киргизилет. Онлайн-кредит алган ар бир катышуучуга иреттик номер берилет, бул номер аркылуу Белек алуучу аныкталат. Белек алуучу Кардар Акцияга катышкан күндөн тартып 10 (он) жумуш күнүнүн ичинде аныкталат.

5.2. Бир банктык күн ичинде Онлайн-кредит алган катышуучулардын ичинен иреттик номери 20, 40 жана андан ары (башкача айтканда, ар бир 20-кардар) болгон катышуучу ошол күндүн Белек алуучусу болуп эсептелет. Белек алуу үчүн Онлайн-кредит Банк тарабынан жактырылып, каражаттар Акциянын мөөнөтү ичинде Кардардын банктык эсебине түшкөн болушу керек. Мындай учурда Банк катышуучуга төмөнкүдөй Белек берет:
5.2.1. Эгер Онлайн-кредиттин суммасы 20 000 сомдон 99 999 сомго чейин болсо — 5 000 сом номиналындагы сертификат берилет. Эгер Онлайн-кредиттин суммасы 100 000 сомдон 200 000 сомго чейин болсо — 10 000 сом номиналындагы сертификат берилет.
5.3. Эгер Онлайн-кредит алган катышуучу кредитти алуудан баш тартса, анда ал Белек алуу укугун жоготот.
5.4. Белек алуучуну аныктоого байланыштуу бардык маселелер боюнча Банктын чечими акыркы болуп эсептелет жана Акциянын бардык катышуучулары үчүн милдеттүү болуп саналат.
5.5. Белек алуучуга Белекти алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу Банк телефон, электрондук почта, байланыштын башка каражаттары же жеткиликтүү болгон башка жолдор аркылуу маалымдайт. Маалымдоо Белек алуучу аныкталган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнүнөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт.
5.6. Кардарлар Банкка байланыш маалыматтарын туура жана актуалдуу түрдө бергенин тастыктайт. Эгер Банк Белек алуучу менен аныкталган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнүн ичинде байланыш түзө албаса, анда ал Белекти алуу укугун жоготот. Белек фондунда калган Белектер кайра бөлүштүрүлбөйт жана кайра берилбейт.
5.7. Акциянын катышуучусу Белек алуучу деп таанылганы тууралуу маалымдалгандан жана ушул Эрежелердин 6.1-пунктунда көрсөтүлгөн макулдукту бергенден кийин 30 (отуз) жумуш күнүнүн ичинде Банк Акциянын жыйынтыктарын өзүнүн расмий сайтында жарыялайт. Банк Акциянын жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарында да жарыялоого укуктуу.
5.8. Акцияга катышуу жана ушул Эрежелерге макул болуу менен, катышуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алынган Белек үчүн 10 % өлчөмүндөгү киреше салыгын өз алдынча төлөөгө милдеттүү экендиги жөнүндө маалымдалган деп эсептелет.

## 6. БЕЛЕКТИ АЛУУ ТАРТИБИ ЖАНА МӨӨНӨТТӨРҮ

6.1. Белек алуучу болуп аныкталган Акциянын катышуучусу Банктын билдирүүсүн алгандан кийин (ушул Эрежелердин 5.6-пунктуна ылайык) 10 (он) жумуш күнүнөн кечиктирбестен Банкка жазуу жүзүндө макулдук берүүгө тийиш. Бул макулдук Кардардын жеке маалыматтары менен төмөнкү аракеттерди жүргүзүүгө тиешелүү: маалыматтарды чогултуу, иштетүү, үчүнчү жактарга берүү, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Банктын расмий сайтында жарыялоо.
Ошондой эле катышуучу Акцияга катышуусу тууралуу жарнамалык маектерге (анын ичинде радио, телевидение, башка жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык тармактар үчүн) катышууга, жарнамалык материалдарды даярдоо үчүн фото жана видеого тартылууга, ошондой материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында, социалдык тармактарда жана Банктын расмий сайтында жарыялоого жазуу жүзүндө макулдук берет. Бул үчүн Банк тарабынан эч кандай сый акы төлөнбөйт. Мындай маектерге жана башка материалдарга болгон бардык автордук укуктар Банкка таандык болот.
Төмөнкү учурларда:
– Белек алуучу Белекти алуудан жазуу жүзүндө баш тартса; же
– Банк ушул пунктта көрсөтүлгөндөй жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту албаса,
анда Белек алуучу Белекти алуу укугун жоготот.
6.2. Белек Банк тарабынан белгиленген жана алдын ала жарыяланган күнү тапшырылат.
6.3. Белекке болгон менчик укугу Белек алуучу Белекти алып, аны алганын тастыктаган документке кол койгон учурдан тартып өтөт. Ошол учурдан баштап Белектин жоголушу же бузулушу үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

6.4. Белек Белек алуучуга жеке өзү келгенде, инсандыгын тастыктаган документти көрсөтүү менен берилет.
6.5. Эгер Белекти алууга келген адамдын паспортунда көрсөтүлгөн аты-жөнү жана туулган күнү Мобилдик банкингдеги маалыматтарга дал келбесе, Белек берилбейт.
6.6. Эгер Белек алуучу Белекти алуудан баш тартса же ушул Эрежелерге ылайык Белекти алуу укугун жоготсо, Банк бул үчүн жоопкерчилик тартпайт.

6.7. Эгер ушул Эрежелерде каралган милдеттер толугу менен же жарым-жартылай аткарылбай калса жана бул тараптар алдын ала биле албаган же алдын ала токтото албаган өзгөчө жагдайлардын (форс-мажор) натыйжасында болсо, Банк жоопкерчиликтен бошотулат. Мындай жагдайларга сел, өрт, жер титирөө, жарылуу, катуу шамал жана башка табигый кырсыктар, эпидемия же пандемия, согуш же аскердик аракеттер, массалык башаламандыктар, ошондой эле мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган жана ушул Эрежелерде каралган милдеттерди аткарууга тоскоол болгон чечимдер жана актылар.

## 7. АКЦИЯНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

7.1. Акциянын катышуучулары төмөнкү укуктарга ээ:
– Акциянын шарттары жана аны уюштурган тарап тууралуу толук жана так маалымат алууга;
– Акциянын шарттарын аткарган учурда Белек алууга;
– ушул Эрежелерде каралган учурларда Мобилдик банкингдеги белгиленген лимиттин алкагында Акцияга кайрадан катышууга;
– Акциянын мөөнөтү ичинде каалаган учурда катышуудан баш тартууга.

7.2. Акциянын катышуучусу төмөнкүлөргө милдеттенет:
– Акциянын бардык шарттарын сактоого;
– Белекти алуу учурунда керектүү документтерге кол коюуга;
– мыйзамдарда каралган салыктарды төлөөгө;
– Акциянын шарттарын бузган аракеттерди жасабоого.

## 8. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

8.1. Банк төмөнкү укуктарга ээ:
– Акциянын Эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
– Акцияны өткөрүүгө байланыштуу максаттар үчүн катышуучулар берген маалыматтарды пайдаланууга;
– Акциянын шарттары бузулган учурда катышууга уруксат бербөөгө же Белек алуу укугунан ажыратууга;
– эгер ошол күнү Белек алуучу аныкталбаса, ошол күн үчүн Белек бербөөгө;
– ушул Эрежелердин 3.1.5-пунктуна ылайык Белектин наркын өндүрүп алууга;
– Акцияны мөөнөтүнөн мурда токтотууга жана бул тууралуу Банктын расмий сайты аркылуу катышуучуларга маалымдоого.

8.2. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:
– Акцияны ушул Эрежелерге ылайык өткөрүүгө;
– Акциянын шарттары өзгөргөн учурда катышуучуларды өз убагында маалымдоого.

## 9. КОШУМЧА МААЛЫМАТ

9.1. Ушул Эрежелер Акция өткөрүлгөн бүткүл мезгил ичинде жана Белектерди алуу мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө болот.
9.2. Акцияга байланыштуу бардык талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.
9.3. Акцияга катышууга байланыштуу башка суроолор жаралган учурда Банктын байланыш борборуна кайрылуу керек.